***DOI:10.26104/NNTIK.2023.82.63.040***

***Жолдошов М.А.***

# УКУКТУК НИГИЛИЗМ УКУКТУК АҢ-СЕЗИМДИН ДЕФОРМАЦИЯЛАНГАН ФОРМАСЫ КАТАРЫ

***Жолдошов М.А.***

# ПРАВОВОЙ НИГИЛИЗМ КАК ДЕФОРМАЦИОННАЯ ФОРМА ПРАВОГО СОЗНАНИЯ

***M. Joldoshov***

# LEGAL NIHILISM AS A DEFORMATIONAL FORM OF LEGAL CONSCIOUSNESS

*УДК: 316.344:340.5*

*Макалада укуктук аң-сезимдин бузулган формасы катары укуктук нигилизм чагылдырылат. Автор тарабынан нигилизм реалдуу кубулуш катары төмөнкү түспөлдөрдө кездешет: - өлкөдөгү ар кандай реформаларга; - коомдогу бардык укуктук мамилелерге; - мамлекеттик институттарга; - коомдогу башка баалулуктарга терс мамиле жасоо. Аталган тескери мамилелер артынан, коомдо жагымсыз көрүнүштөр орун алаары айтылган. Алсак, моралдык негиздерге доо кетет, жеке өзүнүн гана камын ойлообиринчи орунга чыгат, инсандын социалдык орду төмөндөйт, материалдык дүйнө идеалдык баалулуктарды четке кагат. Ошону менен бирге, автор тарабынан окумуштуулардын пикири боюнча укуктук нигилизмдин келип чыгуусуна алып келүүчү жана өткөөл мезгилдер, адилетсиз бийлик сыяктуу себептери дагы анализделип талдалып, каралып өтүлмөкчү. Ошондой эле, укуктук нигилизмди жеңүүнүн жалпыланган жолдору сунушталмакчы.*

***Негизги сөздөр**: укуктук нигилизм, тануу, моралдык негиздер, социалдык баалулуктар, укуктук аң-сезим.*

*В статье отражается правовой нигилизм как деформационная форма правового сознания. Автором указано, что нигилизм как реальное явление встречается в следующих формах: - отрицательное отношение к любым реформам в стране; - ко всем правовым отношениям в обществе; - к государственным институтам; - к другим ценностям в обществе. Вслед за указанными отрицательными отношениями в обществе происходят неблагоприятные явления. Так например, подрываются моральные устои, забота только о себе выходит на первый план, снижается социальное положение личности, материальный мир отвергает идеальные ценности. Наряду с этим в статье рассмотрены такие причины, как переходные периоды, несправедливая власть, которые, по мнению ученых, приводят к возникновению правового нигилизма, при этом также рассматриваются пути преодоления правового нигилизма.*

***Ключевые слова**: правовой нигилизм, отрицание, моральные устои, социальные ценности, правосознание.*

*The article reflects legal nihilism as a deformational form of legal consciousness. Nihilism as a real phenomenon occurs in the following forms: negative attitude to any reforms in the country; - to all legal relations in society; - to state institutions; - to other values in society. Following these negative attitudes, unfavorable phenomena occur in society. For example, moral foundations are undermined, self-care comes to the fore, the social status of the individual is reduced, the material world rejects ideal values. Such reasons as transitional periods, unfair power, which, according to scientists, lead to the emergence of legal nihilism, will also be considered. And also the ways of overcoming legal nihilism are considered.*

***Key words**: legal nihilism, negation, moral principles, social values, legal awareness.*

Коом атайын, жалпы таанылган баалуулуктардын, принциптердин, эрежелердин негизинде жашайт. Тагыраагы, социалдык ченемдерге (каада-салт, диний, моралдык жана укуктук) таянат. Алар ошол коомдун өнүгүү деңгээлине жана башка өзгөчөлүктөрүнө жараша ар кандай болуусу мүмкүн. Мисалы: никесиз мамиле болуу кээ бир коом үчүн – кылмыш, биринде – уяттуу көрүнүш, бир коомдо – кадимки кабыл алынган көрүнүш. Демек, жалпы кабыл алынган баалуулуктар, эрежелер ар кандай болот экен. Бирок, бардык социалдык нормалардын түпкү максаты бир – коомдогу адилеттүүлүккө (салыштырмалуу болсо дагы) жетүү. Бул макалада, учурдагы коомдук нормалардын негизгиси болгон укуктук баалуулуктарга терс мамиле жасоо же укуктук нигилизм жөнүндө баяндалмакчы.

Азыркы учурдагы дүнүйөлүк коомчулук (анын ичинде биздин Кыргызстан дагы) ар түрдүү карама-каршылыктардын көптүгү менен мүнөздөлөт. Алардын арасынан, бир жагынан, кескин күчөгөн укуктук нигилизмдин, экинчи жагынан, укуктук аңкоо идеализмдин укмуштуудай чиелениши да байкалат. Ар багыттуу жана бири-бирине дал келишпес бул көрүнүштөрдүн экөөнүн тең ынтымактуу жашап кетиши жана юридикалык маданиятсыздыктын ыңгайсыз жагдайларын чогуу бирге түзүп жаткандыгы абдан таң калыштуу.

Нигилизм (тануу – отрициание) [1] – жогоруда сөз болгон жалпы кабыл алынган баалуулуктарды, нормаларды четке кагуу. Мында, моралдык, диний, укуктук принциптер сыяктуу бардык социалдык институттарды четке кагуу жөнүндө кеп жүрүүдө. Ошондой эле, жалпы маданияттын талаптарын танууга чейин баруу. Нигилизм социалдык жүрүм-турумдун, аң-сезимдин, дүйнө таанунун бир формасы. Анын негизги белгиси индивидуалдык, субъективдик башатка ээ болуп, жалпы баалулуктардан ашыкча шектенүү, ишенбөөчүлүк мамиле жасоо менен мүнөздөлөт. Ошону менен бирге, «нигилисттерде – жашоо, аларда

энергия, аларда таза жана күч эрк» деп белгиленген учурлар бар [2]. Мындай баалоодо чындыктын үлүшү бар. Анткени, тарыхта көптөгөн бурулуш жасаган инсандар коом кабыл алган кадимки принциптерди тангандар болгонун билебиз. Мисалы: Наполеон, Ленин, Гитлер ж.б. инсандар.

Нигилисттик четке кагуулар укуктук чөйрөдө дагы кездешет. Укуктук кубулуштар индивид үчүн кандайдыр бир баалуулугун жоготуп, тескерисинче, инсандын эркин чектеген тыюу салуулар, өздүгүн басаңдаткан, жеке чыгармачылыкка тоскоол болгон терс көрүнүш катары кабыл алынат [3].

Бүгүнкү күндө коомубузда укуктук нигилизм төмөнкү түспөлдөрдө чагылууда:

1) Түрдүү реформаларды, жаңы багыттагы укуктук өзгөрүүлөргө тескери мамиле жасоо. Нигилисттик укуктук аң-сезим мыйзамдуулуктун талаптарына каршы турат. Учурдагы мамлекеттик органдарга, мекемелерге ишенбөөчүлүк айкын сезилет. Кыргыз Республикасында соттордун, укук коргоо органдарынын адилеттүү иш жүргүзүүсүнө мыйзам базасы толук шарттарды жараткан. Бирок, эл тарабынан ишеним аз эгерде, жокко эсе болбосо.

2) Жаңы укуктук мамилелерге туура эмес мамиле жасоо. Советтик доорго көнүп калган, өкмөт баарын аткарат, көрсөтөт деген түшүнүктөн улуу муун дагы эле арыла албай жүргөн сыяктуу. Демократиялык мамлекетте, жарандык коомдо адамдар активдүү болуп, өздөрү негизиги ролду аткаруусу шарт.

3) Саясий жаңы чечимдерге (туура же ката болгонуна карабастан) каршылык кылуу. Соңку жылдардагы көптөгөн каршылык акциялары (митинг, ачкачылык жарыялоо, жол тосуу, администрацияны басып алуу аракеттери ж.б.) муну далилдеп турат [4].

4) Мамлекеттин институттарына, бийликтин структурасына жактырбаган, керек болсо душмандык мамиле жасоо. Коңшу өлкөнүн саясат таануучусу М. Щибутов «Regnum» маалымат агенттигине: Мыйзамдын диктатурасын орнотпосо Кырызстандын келечеги оор» деп билдирген [5]. Анын ою боюнча мамлекеттүүлүккө коркунуч жараткан биринчи көйгөй «укуктук нигилизм жана мамлекеттеги коррупция». Укуктук нигилизмдин маалымат мейкиндигинде көрүнүп тураарын белгилеп, мисал келтирген. Бийлик оппоненттерин колдогон көптөгөн маалымат каражаттары бар. Өкүнүчтүүсү оппозициялык пресса, журналисттер кожоюндарына окшош. Алардын негизги ыкмасы – бийлик жөнүндө ушак таратуу, коом үчүн негативдүү образ жаратуу. Алардын айтуучу ою идея үчүн эмес, бир жактардын кызыкчылыгы үчүн жүргүзүлгөн сыяктуу. Кээ бир журналисттердин кесиптик деңгээли төмөн болуп, демократияны туура эмес пайдаланууда. Ар бир аракет мыйзамга дал келүүсү керек жана мыйзам бузу үчүн жоопкерчилик каралуусу шарт.

5) Батыштан байланып жаткан кыргыз коомуна тиешелүү болбогон кубулуштарды, жүрүм-турум моделдерин таануу. Албетте, глобалдаштыруу доорунда биз алуучу көптөгөн баалуулуктар бар. Такыр эле начар көрүнүштөр, мамилелер дегенден алыспыз. Бирок, салттуу болбогон идеология, көз караштар, мамилелер ар тараптуу кызыкчылыктардын конфликттерине алып келүүдө. Натыйжада, инсандардын бири-бирине жек көрүүсү күч алууда.

6) Трайбализм. Мыйзамдуулук менен такыр коошпогон көрүнүш. Коомдогу нигилизмдин айкын белгиси катары кароого болот. Өкүнүчтүүсү, коомубуздагы мындай терс мамилелерден толук арыла элекпиз.

Жалпы нигилизмдин бир бөлүгү катары укуктук нигилизм төмөнкү тескери көрүнүштөргө алып келет:

1) Коомдун моралдык негиздерине доо кетет.
2) Жеке өзүнүн гана камын ойлоо орун алат.
3) Жеңил пайда табууну көздөө күч алат.
4) Коомдук жана башка баалуулуктарга кош көңүлдүк жаратат.
5) Инсандын социалдык орду төмөндөйт. Материалдык дүйнө идеалдык баалуулуктарды четке кагат.

Аталгандарды коомубузда көп эле кездештирүүдөбүз. Моралдык негиздердин бузуулусунан улам адамдардын жүрүм-туруму өзгөрөөрү анык, көбүнесе терс багытта. Бардык тарыхий коомдордо, цивилизацияларда, азыркы доордо дагы бир мезгилде эле жашаган адамдар моралдык баалулуктарга ар кандай мамиле жасашат. Бул маселеде, тагыраагы эмне үчүн кээ бир инсандар адептүү, кээ бирлери адепсиз болооруна философтор конкреттүү жоопторду таба элек. Мүмкүн, бардыгы салыштырмалуу болгондугу менен түшүндүрүлөттүр. Ал эми өзүнүн гана камын ойлоо, башкача айтканда эгоизм учурда бардыгыбызды ороп алгандай. Биздин оюбузча көптөгөн укук бузуулардын, анын арасында коррупциялык аракеттердин башаты ушул касиет болуусу мүмкүн. Мисалы, менин гана кызыкчылыгым орундалса болду, башкалар кандай акыбылда болсо дагы деген ой менен пара алуу, пара берүү ишке ашат. Материалдык кызыкчылык коомдук өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү катары каралат. Ошондуктан, жеңил пайда табуу бардыгынын максаты экени талашсыз. Бирок, эң башкысы мыйзамдуу жол менен аракеттенүү экендиги четке кагылууда. Алсак, алдамчылык, паракорчулук, ар кандай мыйзамдуу төлөмдөрдөн качуу сыяктуу көрүнүштөр коомубузда көп учурайт. Булардын натыйжасында адилетсиздик жаралып, адамдар арасында кош көңүлдүк келип чыгат. Инсандын орду төмөндөшүнө дагы жогоркулардын тассири тиет. Демек, укуктук нигилизм коомубуздагы көптөгөн укук бузуулардын башаты болуп калган өңдүү.

Укуктук нигилизм – социалдык көйгөйлөрдү чечүүдөгү укуктун жана укуктук кубулуштардын потенциалына ишенбөө же толук баш тартуу. Жалпы

маңызы – укуктун социалдык маңызын тануу. Бирок, кылмыштуу максат менен мыйзамды көңүл сыртында калтыруу жана кылмыштуу мүнөздөгү мыйзам чыгаруу – бузулган укуктук аң-сезимдин өзүнчө формасы катары каралат да укуктук нигилизмдин курамына кирбейт. Бардык баалулуктарды тануу коомго кошулууга, укуктук мамилелерге нормалдуу катышууга тоскоол болот.

В.Г. Сафонов «Укуктук аң-сезим – укук чыгаруу, укукту колдонуу ишмердигинин реалдуу сапатын көрсөтүп туруучу индикатору, чагылдырылышы» деп белгилеген [6]. Укуктук нигилизмдин себептерин окумуштуулар төмөнкүлөрдөн сезишет:

1) Коомдун экономикалык катмарларга бөлүнүүсү. Орус философу И.А Ильин төмөнкүнү белгилеп өткөн: «Жеке менчик адамдагы укуктук аң-сезимди тарбиялайт, башкалардын менчигин, укугун сыйлоого, жарандык өз алдынчалыкка жана жарандык тартиптүүлүккө чакырат. Эгерде адамдардын материалдык абалы туруксуз болсо, жакырчылыктын чегинде жашаса, укук бузууга жакын болотжана мамлекеттик бийликке эгешкен мамиле жасайт. Бул алардын турмуштук оор абалдан аргасыз чарасы жана мамлекет бардыгына татыктуу жашоо үчүн шарт түзөт деген принцибин аткарбай, кээ бир топтун кызыкчылыгын коргойт деген ой-пикиринин натыйжасы». Демек, социалдык абал дагы чоң таасирин тийгизет.

2) Мамлекеттик бийликтин адилетсиз мүнөзү. Жалпы саясий режимдин демократиялык эмес болуусунан баштап, мамлекеттик кызматкерлердин коррупцияланышын кошууга мүмкүн. Бир нече бийлик алмашуулардын болуусу, жаңылары мурдагыларын айыптап, кызыктуу убадаларды берүүсү, өкүнүчтүүсү, алардын бири дагы аткарылбай калгандыгынан улам, жарандардын ишеними азаюусуна алып келген.

3) Мыйзамдагы жана укуктук системадагы боштуктар. Миңдеген мыйзамдар чыгарылган. Көптөгөн нормалар өзүнүн жашоосун токтоткон. Керектүү чөйрөдө мыйзамдардын кам экендиги билинип турат. Юридикалык жактан тагыраагы, укуктук жөнгө салуу механизминин абалы аксап тургандай. Укуктук жөнгө салуунун түпкү максатына мамлекеттин тескөөсүндөгү юридикалык каражаттардын ар биринин, маселен, укуктук ченемдердин, тутммдардын, субъективдүү укуктар менен милдеттердин, укуктук мамилелердин жана башка өз-өзүнчө алганда эмес, а бүткүл жыйындысынын жардамында гана жетишүүгө болот. Ошондуктан, укуктук системанын, жөнгө салуунун бардык звенолору так жана кыйшаюусуз ишөөгө, өз функцияларын кынтыксыз аткарууга тийиш.

4) Өткөөл мезгилдер. Эгерде, коомдук жашоо оош-кыйыштар менен коштолгон болсо ишенбөөчүлүк жаралат дагы, нигилизмге алып келет. Окумуштуулар бардык төңкөрүштүн аягы радикализмге алып келерин белгилешкен. Ошондуктан, мамлекетибиздеги акыркы жылдардагы окуялар коомубуздагы нигилизмден кабар берет.

Ошондой эле укуктук нигилизмдин факторлорунун бири мамлекет тарабынан кылмыштарга каршы күрөшүү боюнча укуктук саясаттын жоктугу жана мамлекетте болгон айрым көйгөйлөрдүн «тормозуна» түшүшү болуп саналат. Бул көйгөйлөрдүн катарында укук коргоо органдарынын кылмыштуулук менен күрөшүү боюнча өз ара кызматташуусунун тийиштүү саясатынын жоктугун белгилөөгө болот [7].

Жогоруда укуктук нигилизмдин себептерин эсептеп өттүк. Анткени менен, укук социалдык баалулук катары коомдогу башка баалуулуктардын деңгээлинен көз каранды. Турмушта көрүнгөн бардык негативдүү көрүнүштөр түздөн-түз таасирин тийгизет.

Укуктук нигилизмди жеңүүдө панацея жок. Бирок, төмөнкү комплекстүү аракеттер менен жеңүүгө аракет жасоого болот:

- Гумандуу жана эффективтүү укуктук саясатты иштеп чыгуу;
- Социалдык баалулуктардын ордун жогорулатуу (мыйзам, адеп-ахлак, милдет, ар-намыс ж.б.);
- Мамлекет тарабынан сапаттуу мыйзамдарды кабыл алуу;
- Укук колдонуу органдарынын ишмердигинин эффективдүүлүгүн жогорулатуу;
- Массалык маалымат каражаттарын жана прессаны укук бузуу менен күрөшүүдө активдүү пайдалануу. Ошондой эле, мыйзамды сыйлаган инсан болууга пропаганда жасоо;
- Жогорку квалификациялуу юрист кадрларды даярдоо;
- Укуктук тарбиялоо саясатын жакшыртуу (кылмыштуулук менен күрөшүү, мыйзам алдында теңдикти сактоо ж.б.).

Укуктук тарбиянын төмөнкүдөй формаларын бөлүп көрсөтүшөт:

- укуктук пропаганда (лекциялар, маектер, консультациялар, кеңири белгилүү китептерди, китепчелерди басып чыгаруу; «тегерек столдорду» өткөрүү; басмадан, радиодон жана телекөрсөтүүдөн чыгып сүйлөө; угуучулардын жана окурмандардын суроолоруна жооп берүү, б.а.өзүнчө бир «юридикалык жалпы текши окутуу»);
- укуктук окутуу (ЖОЖдордо, адистештирилген орто окуу жайларда, колледждерде кесиптик билим берүү жана өздөштүрүү; ар кандай курстарда, жыйымдарда укуктун негиздери боюнча сабак өтүү, ж.б.);
- юридикалык практика, күнүмдүк тажрыйба (доогер, жоопкер, жабырлануучу, медиатр, өкүл катарында сот процесстеринде катышуу; жарандык-укуктук ар кандай бүтүмдөрдү түзүү, адвокаттын кызматынан пайдалануу, укук коргоо ишмердиги);

- өз алдынча үйрөнүү (укуктук көрүнүштөрдү, курчап турган укуктук чөйрөнү жекече түшүнүү жана аңдоо, мыйзамдарды, илимий адабияттарды өз алдынча окуп-үйрөнүү, чөйрө менен карым-катнашуу).

Укуктук тарбиялоонун усулдары болуп ынандыруу, мажбурлоо, жазалоо, колдоо, санкция колдонуунун олуттуу коркунучу, профилактика, алдын-алуу ошондой эле, субъектилердин аң-сезимине жана жүрүм-турумуна таасир этүүнүн башка жолдору менен ыкмалары эсептелет. Тигил же бул усулду пайдалануу конкреттүү бир жагдайлардан көз каранды.

Укуктук тарбиялоо процессинде ар бир жаран укуктун коомдук турмуштагы ролун, анын баалуулугун, зарылдыгын түшүнүүсү, өзүнүн кадыр-барктуулук, тууралык, коргоого алынгандык жана ошол эле учурда өзүнүн жана башканын укуктары үчүн күрөшүүгө умтулуу сезимин өркүндөтүүсү керек.

Бул аракеттер негизинен укуктук аң-сезимди жогорулатуу аркылуу укуктук маданиятты калыптандырууга жардам берет. Укуктук маданият коомдук турмуштун субъектилеринин укук, мыйзам, юридикалык башка феномендер менен болгон өз ара мамилелеринин этикасын чагылдырат. Бул өзүнө гана тиешелүү өзгөчөлүктөргө ээ болгон жана юридикалык илимдин изилдөө предметин түзгөн интеллектуалдык өзгөчө чөйрө. Жалпысынан укуктук маданият – бул жарандын укуктук билимдүүлүгү. Өз учурунда укуктук маданият жалпы маданияттын бир бөлүгү болуп саналат. Демек, жалпы коомдук маданиятты өркүндөтүү, укуктук тарбияны жакшыртууга таасир этет.

Кандай гана деңгээлдеги, формадагы нигилизм болбосун аны жеңүүгө болот. Бул процессти агартуу менен салыштырууга болот. Албетте, бир заматта аткаруу мүмкүн эмес. Белгилүү мөөнөттүн ичинде нигилизмге кабыл болгон сыяктуу, белгилүү мөөнөттө андан кутулууга болот. Акырында келип, укуктук нигилизм менен күрөшүүнүн негизги формалары кризистин бардык түрлөрүнөн (экономикалык, саясий, социалдык, моралдык ж.б.) чыгуу менен байланышкан. Ошол эле учурда, ар бир жарандын активдүү, мыйзамдарды урматтаган позициясынан көп нерсе көз каранды.

**Адабияттар:**


1. Краткий словарь по философии под ред. Блауберга. Полит. Литература, 1979. - С. 205.
2. Матузов Н.И. Правовой нигилизм и правовой идеализм как две стороны одной медали. // Известия вузов. Правоведение, №2. – 1994. - С. 4.
3. Бабенко А.Н. Проблемы обоснования ценностных критериев в праве. // Государство и право. - 2002. - №12. - С. 95.
4. Kyrtag.kg/.../pochti-na-tret-sokratilos-kolichestvo-politicheskikh-mitingov.
5. Касыбеков У. Правовой нигилизм погубит. // «Фабула пресс» №15 от 25. 03. 2016. - С. 4.
6. Сафонов В.Г. Понятии правового нигилизма. // Государство и право. - 2004. - №12. - С. 65.
7. Абдукаримова Н.Э. Некоторые вопросы взаимодействия правоохранительных органов стран СНГ в противодействии по наркопреступлениям / Н.Э. Абдукаримова. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2015. - № 8. - С. 89-92.